**Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги менен Кыргыз-Түрк Манас университетинин ортосундагы кызматташтык МЕМОРАНДУМУ**

«03» февраль 2023-жыл Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин** (мындан ары- Министрлик) атынан министр А.С. Джаныбеков, Жобонун негизинде иш алып барган, бир тараптан жана экинчи тараптан **Кыргыз-Түрк Манас университетинин** (мындан ары – Университет) атынан, Уставдын негизинде иш алып барган ректор профессор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор профессор Кулмырзаев А.А., мындан ары “Тараптар” деп аталышып, келечекте кызматташууга карата өз ниеттерин билдиришет жана төмөнкүлөр тууралуу макулдашышат.

**1-берене.**

Тараптар:

- колдонуудагы мыйзамдарга ылайык Тараптардын ишинин багыттары боюнча өзгөчө актуалдуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн Тараптардын ортосундагы узак мөөнөттүү өз ара мамилелердин мыйзам ченемдүү зарылдыгын таануу менен,

Министрликтин кадрларды даярдоого жана кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууга болгон муктаждыктарын канааттандырууга багытталган билим берүү, илим, кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу жаатында Университет менен Министрлик жана анын түзүмдөрүнүн ортосундагы кызматташтыктын келечектүү багыттарын өнүктүрүү жөнүндө бир пикирге келишти.

**2-берене.**

Тараптардын кызматташтыгынын негизги максаттары төмөнкү маселелер боюнча узак мөөнөттүү байланыштарды түзүү болуп саналат:

- Университеттин окумуштууларынын теориялык билимдерин жана Министрликтин алдыңкы кызматкерлеринин практикалык тажрыйбасын бириктирүүнүн негизинде адистердин кесипкөйлүгүн камсыз кылуу;
- Университеттин кафедраларында жана Окуу борборлорунда өнөктөштүк байланыштарды жана практикалык багытты орнотуу, ошондой эле адистештирүү жолу менен жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо процессин интенсификациялоо боюнча жалпы милдеттерди чечүү максатында методикалык жардам көрсөтүү, керектүү маалыматтык ресурстар менен алмашуу;
- заманбап мекемелердин жана уюмдардын талаптарына жана өзгочөлүктөрүнө жооп берген адистерди даярдоо;
- илимий изилдөөлөрдүн жаңы комплекстүү багыттарын биргелешип өнүктүрүү, жогорку билим берүү системасында жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо

багыттарын модернизациялоо жана диверсификациялоо жолу менен өндүрүш процессине илимдин жана техниканын инновациялык жетишкендиктерин киргизүү;

- өз ара аракеттенүүнүн инновациялык формаларын өнүктүрүү жана кесиптик билим берүүнү, илимди жана мамлекеттик, ошондой эле бизнес-түзүмдөрдү интеграциялоону жүзөгө ашыруу;

- айыл чарбасын өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелери боюнча окутуучулардын, магистранттардын, студенттердин жана практикалык кызматкерлердин биргелешкен илимий изилдөөлөрүн өткөрүү;

- студенттердин кесиптик практикаларын жана стажировкаларын, Университеттин докоранттарынын, магистранттарынын илимий-изилдөө практикаларын, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштурууну уюштуруу жана өткөрүү;

- кафедралардын илимий-теориялык потенциалын пайдалануу жана илимий-өндүрүштүк жана практикалык иштерге тиешелүү багыттагы (профилдеги) алдыңкы окумуштууларды тартуу;

- айыл чарба тармагындагы көйгөйлүү маселелерди заманбап илимий жана иновациялык жол менен чечүүдө Университеттин окумуштуу изилдөөчүлөрүнө сунуш жана заказчик катары кайрылып, Билим берүү жана Илим Министрлигине караштуу Илимий фонддон каржылоо алууда жарыяланган конкурстарга илимий проекттер менен катышып, максаттуу колдоо алууга көмөктөш болуу.

- биргелешкен коомдук - маданий жана башка расмий иш-чараларды өткөрүү үчүн Тараптардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү күчөтүү.

**3-берене.**

Максаттарга жетүү үчүн Тараптар төмөнкү багыттарда кызматташууну жүзөгө ашырууга ниеттенүүдө:

- жогорку билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программалары, Министрликтин кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуунун жана кесиптик кайра даярдоонун кошумча кесиптик программалары боюнча эмгек рыногунда жана билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүндө атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн кепилдеген илимий, билим берүү жана өндүрүштүк ишмердүүлүктү интеграциялоонун негизинде адистерди даярдоонун алдыңкы мүнөзүн камсыз кылуу;

- ишмердүүлүгү негизги кесиптик билим берүү программасы тарабынан ишке ашырылып жаткан багыттуулукка (профилге) байланыштуу, жарандык-укуктук келишимдин шарттарында, ушул кесиптик тармакта 3 жылдан кем эмес иш стажы бар, Министрликтин учурда иштеп жаткан жетекечилеринин жана кызматкерлерин арасынан билим берүү процессине тартуу;

- жогорку жана ортоңку жетекчи курамдагы Министрликтин өкүлдөрү менен окуп жаткандардын жолугушууларын уюштуруу, Министрликтин өкүлдөрү менен биргелешкен мастер-класстарды өткөрүү;

- акыркы илимий, окуу жана өндүрүштүк жетишкендиктерди жайылтууга багытталган Университеттин жана Министрликтин кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча биргелешкен программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- Университеттин таланттуу студенттик жаштарынын арасында тематикалык сынактарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүк;

- Министрликке ишке орношкон Университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн даярдык сапаты жөнүндө, практикадан өткөн студенттердин даярдык сапаты жөнүндө сурамжылоолорду өткөрүү;

- административдик мамлекеттик бош кызмат орундары болгон учурда конкурстук негизде жана эмгек келишимдерин түзүү жолу менен административдик мамлекеттик кызмат категориясына кирбеген кызмат орундарына окутуу процессинде жана Министрликте өндүрүштүк практикада жүргөндө өзүн мыкты көрсөткөн бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштурууга көмөктөшүү;

**4-берене.**

Бул Меморандумдун алкагында Тараптардын кызматташтыгы төмөнкү формаларда ишке ашырылышы мүмкүн:

- Министрликтин тапшырыктары боюнча аталган иштин түрүн алып барууга карата кошумча келишимдерге ылайык изилдөө иштерин жүргүзүү жана Министрликтин иш практикасына илимий билимдерди киргизүү;
- жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөр боюнча билдирүүлөрдү жана материалдарды алмашууга көмөктөшүү менен биргелешкен долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу;
- өз ара кызыкчылык жараткан маселелер боюнча биргелешкен семинарларды, конференцияларды, кеңешмелерди, тегерек столдорду, мастер-класстарды жана башка иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү;
- Тараптардын өкүлдөрүнүн Тараптарда түзүлүүчү жамааттык консультациялык-кеңешүүчү илимий органдарына катышуусу.

Кызматташуунун багыттарынын жана формаларынын тизмеси кошумча дагы Тараптардын макулдашуусу боюнча кеңейтилиши жана толукталышы мүмкүн.

**5-берене.**

Бул Меморандумдун алкагында Тараптар биргелешкен программаларды, иш-чараларды иштеп чыгуу боюнча, адистердин кесиптик компетенциясын жогорулатууга багытталган окуу-практикалык ишти өркүндөтүү боюнча комиссияларды жана жумушчу топторду уюштура алышат.

**6-берене.**

Тараптардын өз ара макулдугу боюнча бул Меморандумга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн, алар ушул Меморандумдун ажырагыс бөлүгү болуп саналган кошумча протоколдор менен таризделүүгө тийиш.

**7-берене.**

Ушул Меморандумду ишке ашыруунун жүрүшүндө талаш-тартыштар же пикир келишпестиктер пайда болгон учурда Тараптар аларды өз ара сүйлөшүүлөр жана консультациялар аркылуу чечишет.

**8-берене.**

Эгерде башка тартип макулдашылбаса, Тараптар ушул Меморандумду аткаруу менен байланышкан чыгымдарды өз алдынча тартышат.

**9-берене.**

Бул Меморандум Тараптар кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана колдонууга киргизилет, беш жыл бою колдонулат.

Эгерде Меморандумдун колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин Тараптардын бири да бул Меморандум боюнча кызматташууну токтотуу ниетин жазуу жүзүндө билдирбесе, ал ошол эле мөөнөткө узартылды деп эсептелет.

| **Университет:** | **Министрлик:** |
|---|---|
| Кыргыз<br>Республикасынын<br>Айыл чарба министрлиги<br>720040, Бишкек ш.,<br>Киев көчөсү 96«А»<br>Тел: + (996 312) 62-36-16<br>факс: +(996 312) 62-36-32<br>e-mail: info@agro.gov.kg | Кыргыз-Түрк<br>Манас Университети<br>720038, Бишкек ш.,<br>Жал кичи району-23, 32<br>Тел.: +996 (312) 49 27 60<br>Факс: ++996 (312) 54 19 35<br>e-mail: iro@manas.edu.kg |

| **Министр** | **Биринчи проректор** | **Ректор** |
|---|---|---|
| А.С.Джаныбеков<br>М.О | А.А. Кулмырзаев<br>М.О. | А. Жейлан |